Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.23.667 диссертациялык кеңештин эксперти - филология илимдеринин доктору, доцент Султанова Жыпар Оморовнанын 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү (1991-2016 жылдар)»** деген темадагы диссертациясына

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү (1991-2016 жылдар)» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.10 – журналистика адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин эгемендүүлүк 1991-2016 жылдарындагы өнүгүүсүн изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары** Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин эгемендүүлүк жылдарындагы өнүгүү тенденциясы, абалы, ийгилик, кемчиликтери жана маалыматтарды берүү ыкмалары Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы басма сөздө 1990-2016-жылдарда орун алган өзгөчө учурларды (ыңкылап, коогалаң, митингдер) чагылдыруусу аркылуу изилденип, жыйынтык чыгаруу алынган.

**Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

1. Басма сөз тармагын изилдөөнүн теориялык негиздерине таянып, азыркы учурга чейин иликтенген илимий эмгектерди талдоо.
2. Эгемен жылдардагы маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптарын аныктоо.
3. Басма сөздү изилдөөнүн методологиясы менен методдордун аныктоо.
4. Ош, Жалал-Абад, Баткен аймактарындагы басма сөздө орун алган өзгөчөлүктөрдү белгилөө.
5. Экстремалдык кырдаалдарды (Ош-1990, Баткен-1999, Аксы-2002 митинг) чагылдырган басма сөздүн материалдарын талдоо.
6. Ыңкылаптардын (Март-2005, Апрель-2010, Ош-2010) контекстинде иштеген аймактык прессанын материалдарын талдоого алуу.



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 8/04-8
«26» 06 2023 г.

7. Кыргызстандагы мониторингдердин отчётторундагы жана медиа комиссиянын материалдарындагы түштүк регионго тиешелүү фактыларды анализдөө.
8. Журналисттерге коюлган доо арыздар боюнча соттун чыгарган чечимдеринин укуктук жактан тууралыгын талдоо.
9. Илимий изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу.

Диссертациянын ар бир бөлүмү (параграфы) мында жазылган милдеттерге арналып, аларды чечмелеп берет.

**“Басма сөздүн теориясы жана методологиясы”** деген **I главанын** 1 бөлүмү “Басма сөз тармагын изилдөөнүн теориялык негиздери жана Кыргызстанда жазылган илимий эмгектер” деп аталат. Мында изденүүчү башка өлкөлөрдүн жана Кыргыстандагы алгачкы гезиттери боюнча кыскача маалымат берип, совет доорундагы жана азыркы журналистиканы изилдеген илимпоздордун эмгектерине кайрылат. “Эгемен доорундагы маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары” деген 2 бөлүм медиа каражаттарынын совет бийлигинин көзөмөлүнөн бошошун жана алардын жаңы бийлике болгон мамилесин көрсөтөт. «Басма сөздү изилдөөдөгү илимий методдор» деген 3 бөлүм болсо журналистикадагы илимий изилдөө методологиясынын негиздерин аныктайт.

**“Түштүк регионундагы басма сөздүн багыттары жана коогалуу учурларды чагылдыруунун өзгөчөлүктөрү”** аттуу **II главанын** 1 “Ош, Баткен, Жалал-Абад аймактарындагы басма сөз, анын өзгөчөлүктөрү» деген бөлүмүндө изилдөөчү ушул областтардын гезиттерин атап, түштүк жактагы басма сөздүн негизги өнүгүү процесстерин иликтеп чыгууга багыт алат. “Экстремалдык кырдаалдарды (Ош-1990, Баткен – 1999, Аксы – 2002) чагылдырган басма сөз” деген 2 болүм саясий журналистиканын маселелерин козгойт. 3 бөлүм “Ыңкылаптардын (март 2005, апрель 2010, Ош-2010) учурундагы региондук прессанын ролу жана орду” деп аталып, мында курч саясий окуялар түштүк басма сөздүн материалдары аркылуу иликтелген.

**“Мониторингдердин отчёттору, медиа боюнча комиссиянын материалдары, журналисттерге коюлган доо арыздар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыгы”** деген **III главаны** үч бөлүмгө (1-“Кыргызстандагы мониторингдердин отчёттору жана медиа комиссиянын материалдары (түштүк регион боюнча)”, 2 – “Журналисттерге коюлган доо арыздар жана соттордун чагылдырган чечимдеринин укуктук негиздери”, 3 – “Илимий изилдоонүң жыйынтыгы”) бөлүп, фактыларды мониторинг жасагандан кийин, диссертант темага байланыштуу тыянактарды чыгарган.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Изденүүчү адегенде Кыргызстандагы гезиттердин өнүгүү процесстеринин теориялык негиздерин изилдеп, бул багыттагы илимий

эмгектерди талдоо аркылуу өнүгүү этаптарын аныктап, андан соң түштүктө орун алган өзгөчө кырдаалда иш жүргүзгөн жергиликтүү басма сөз каражаттарын өз алдынча карап, алардын өзгөчөлүктөрдү белгилеген. Ушулардын негизинде түштүк аймактагы гезиттердин өнүгүүсү каралган.

Бул контексте изденүүчү талдоодо негизги ыкма катары салыштырма-тарыхый ыкмасын колдонуп, басма сөз каражаттарынын окшоштук жана айырмалуу (өзгөчүлүк) жактарын көрсөткөн. Анализ менен синтез жана жалпылоо ыкмаларын колдонуу аркылуу изилдөө жүргүзгөн.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:**

Иштин объектиси катары Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттерин изилдоо жана алардын эгемендүүлүк жылдарда аталган аймакта орун алган өзгочо кырдаалдарды чагылдыруусун талдоо диссертациянын белгиленген максатына, милдеттерине толугу менен ылайык келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Изденүүчү тогуз пункттан турган милдеттердин ар бирине журналистиканын салыштырма-тарыхый, анализ менен синтез жана жалпылоо методдорун колдонуу менен илимий талдоо жүргүзүп, конкреттүү жыйынтыктарды чыгарууга аракет кылган. Статистикалык маалыматтарды жыйноо үстүндо да кеңири иштегенин көрсө болот.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Кыргыз журналистикасынын тарыхына жана теориясына арналган илимий эмгектер учурда аз. Ал эми аймактык басма соз каражаттарынын тарыхый жагы да, теориялык жагы да, саясий жагы да талдоого алына элек. Ошондуктан аймактарда жарык коргөн массалык-маалымат каражаттарын изилдөө муктаждыгы зор. Бул диссертацияда эгемен доордо түштүк аймактагы гезиттерди изилдеп, аймакта орун алган экстремалдык учурларды ал гезиттерде чагылдырылышын иликтөө бул багыттагы алгачкы аракет болуп саналат. Диссертациянын актуалдуулугу – мына ушунда.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертант темага байланышы бар адабияттарды жетишээрлик дэцгээлде пайдаланганын көрсө болот. Ал басма сөз жаатындагы ата мекендик жана чет элдик авторлордун эмгектерин колдонуп жана өзүнөн мурункулардын илимий эмгектерине сын анализ жүргүзүп, аны диссертациясынын темасын андан ары ачуу үчүн колдонгон.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөо актуалдуу жана оз убактысында, бүгүнкү

күндөгү Кыргызстандын басма сөз каражаттарынын өнүгүүсү үчүн пайдалуу эмгек деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар**

3.1. Иште филология илимдеринин анын ичинде журналистиканын өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы натыйжалар келтирилген:

- Буга чейин регионалдык басма сөз өз алдынча иликтөөдөн өткөн эмес. Түштүк аймактык басма сөз каражаттын коомго тийгизген таасирин жергиликтүү аспекттердин алкагында аныкталган. Сөз эркиндиги ар бир аймакта озгөчөрөөк болот, демек ар бир аймак боюнча өз алдынча изилдөө жүргүзүү максатка ылайыктуу.
- Бизде медиа тармак бийликтин көзөмөлүнон кутула албай келе жатат. Басма сөздүн ушул жагын талдоого алганда, анда ар бир аймактагы гезиттер белгилүү чекте өз алдынча болуп, бир калыпка түшүп, окшош болбойт, себеби бул – андагы жашаган элдердин жашоо шартына, маданий деңгээлине, саясий коз караштарына байланыштуу болот.
- Диссертацияда экстремалдуу кырдаалда иш жүргүзгөн жергиликтүү басма сөз каражаттары ар бир областын алкагында өз алдынча каралды. Кыргыз коомчулугу ар дайым (ар бир президенттин мезгилинде) демократиянын эң негизги принциптерин жетекчиликке алуу менен жашоого умтулушат.
- Бийликтин адилетсиз чечимдерине баш ийбей, каршы чыгып, өз көмөчүнө күл тарткан президенттерди өлкөдөн кууп жиберишүүдө. Демек, биздин элде кулдук сезим жок, бул – өлкөбүз үчүн чоң утуш. Элдин аң-сезиминин ойгонушуна медиа каражаттардын салымы зор, айрыкча, эркин басма сөз каражаттарынын. Эркин басма сөз каражаттарынын коомдогу, эл ичиндеги орду – өз алдынча изилдөөнү талап кылат.

3.2. Диссертацияда колдонулган салыштырма-тарыхый, анализ менен синтез жана жалпылоо методдору изилдөөнүн жүрүшүндө өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөтүп, туура тыянак чыгарууга алып келген.

3.3. Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өзгөчүлүктүрүнө арналган бул чөйрөдөгү жаңы изилдөөсү оң пикирге татыктуу.

Диссертант өзүнүн ишинде колдонгон методдор жана адабияттар иштин ишенимдүүлүгүн көрсөтөт.

3.4. Диссертацияда журналистика үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй белгилер бар:

1. Кыргызстандагы басма сөз каражаттарын иликтөөдөгү курч маселелер жана көйгөйлөр чагылдырылган.
2. Диссертациянын жыйынтыктары журналистика үчүн маанилүү жана колдонууга ээ.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:**

1. Жогорку окуу жайларынын журналистика адистиги боюнча окуу программаларын жана окуу куралдарын түзүүдө пайдаланса болот.

2. Журналистика адистиги боюнча студенттерге, изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттердин иштерине илимий-методикалык маалымат катары салымын кошот жана теориялык көмөк, багыт болуп бере алат.

3. Ал эми окутуучулар үчүн «экстремалдык учурлардагы пресса», «гезиттерге мониторинг», «журналисттерге коюлган доо арыздар» деп аталган тематикалык семинарларды өткөрүүгө мүмкүнчүлүк жаратат.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда колдонулган:**

1. Мамырова, М. К. Чындыктын шам чырагындай болгон Чыңгыз Айтматов [Текст] / М.К.Мамырова // ОшМУнун Жарчысы IV чыгарылышы. – 2016.– № 4. – 84-87-б. ISSN 1694-7452 https:// www. elibrary.ru /download/ elibrary_ 28198781 39779488.pdf

2. Мамырова, М. К. Чыңгыз Айтматовдун корком маалыматтарды чыгармада чагылдыруу чеберчилиги [Текст] / М.К. Мамырова // Ош МУнун Жарчысы. – 2016. – №3. – 237-241-б.ISSN1694-7452https:// www. elibrary.ru/ download/elibrary_ 30547505 24509866.pdf

3. Мамырова, М.К. «Кыргыз туусу» гезитинин тарыхый барактарына саресеп [Текст] / М.К. Мамырова // Ош МУнун Жарчысы. – 2016. – №3. – 291-295-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_30547521_26236092.pdf

4. Мамырова, М.К. Положительные и отрицательные стороны СМИ на юге Кыргызстана [Текст] / М.К.Мамырова//Ош МУнун Жарчысы.– 2017. №3. – 126-129-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/ elibrary _30714968 63369882.pdf

5. Мамырова, М. К. Ч. Айтматов – XX кылымдын көркөм сөз өнөрүнүн корифейи[Текст] / М.К. Мамырова //Ош МУнунЖарчысы.– 2018. – №4. – 117-123-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/ elibrary_ 37074081 89178140.pdf

6. Мамырова, М. К. Газеты южного региона Кыргызстана в период независимости (доклад) [Текст] / М.К. Мамырова //Форум молодых ученых. – 2018. – №9(25). – С. 533-537ISSN 2500-4050https://www.elibrary.ru/item.Asp?id=36457153

7. Мамырова, М. К. Кыргызстандагы экинчи «Ош окуясынын» басма сөздөгү чагылдырышы жөнүндө (2010-жыл, июнь) [Текст] / М.К. Мамырова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – № 6.–175-177-б. ISSN 1694-7649https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36423575_53391549.pdf

8. Мамырова, М. К. Кыргызстандын «Ош окуясынын» учурундагы массалык маалымат жөнүндө (1990-жыл, июнь)[Текст] / М.К. Мамырова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. ISSN 1694-7649https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36423578_41070382.pdf

9. Мамырова, М. К. «Освещение в СМИ межэтнических отношений» (на примере ошского региона) (доклад) [Текст] / М.К.Мамырова // Өзбекстан Республикасы Ташкент. – «Онлайн журналистикасы» – 2018. – №1/02. – www.seience.kg

10. Мамырова, М. К. Влияние социальных сетей на мировоззрение молодежи [Текст] / М.К. Мамырова // Өзбекстан Республикасы Бердах атындагы каракалпак атындагы университети. – 2019. – 102-107-б.ISBN 978-9943-5744-0-3https:// iopscience. iop.org/article/ 10.1088/1742- 6596/ 1889/ 2/022030.

11. Мамырова, М. К. Жаштардын дүйнө таанымына жана көз караштарына социалдык тармактардын тийгизген таасири (статья) [Текст] / М. К. Мамырова // ОшМУнун Жарчысы.– 2019. – №3. – 145-149-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_42965448_85779244.pdf

12. Мамырова, М. К. Макалалардын жанр жактан бөлүнүшү жана алардын мазмуну (статья) [Текст] / М.К. Мамырова //ОшМУнун Жарчысы.– 2019. – №3. – 151-153-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_42965449_47811868.pdf

13. Мамырова, М. К. Электрондук басма сөздүн орду жана бөлүктөрү (статья) [Текст] / М.К. Мамырова // Известия ВУЗов Кыргызстана. –2019. – №11. – 151-155-б.ISSN1694 7681https:// www.elibrary.ru/ download/elibrary _45642132 _96883675.pdf

14. Мамырова, М. К. Online training of students of applied physics in the field of circuitry(статья)[Текст] /М.К. Мамырова//Journal of Physics: Conference Series. – 2021. Vol. 1889. 022030 7-бет. 40-бал.5/4D.Luchanіnov, R Bazhenov ...баары 5 адамhttps://iopscience.iop.org/article/10.1088/1742-6596/1889/2/022030

15. Мамырова, М. К. Кыргызстан: Судебные иски к журналистам в защиту чести президента А. Атамбаева [Текст] / М.К. Мамырова // IV Международная научно-практическая конференция. Приоритетные векторы развития промышленности и сельского хозяйства. – Макеевка. – 2021. https://cloud.mail.ru/public/RES8/eyXnAHbGf

16. Мамырова, М. К. Басма сөздөгү редактордун кызматы жана ролу [Текст] / М.К. Мамырова //Ош МУнун Жарчысы. – 2021. Т.2. – №4. – 1280-1288-б. ISSN1694-7452https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828 Pedagogika i psiho logiYubiley _Momunaliev_S._2021.pdf

17. Мамырова, М. К. Кыргыз басма сөзү жана анын тарыхы [Текст] / М.К. Мамырова //Ош МУнун Жарчысы.– 2021. Т.2. – №4. – 1289-1295-б. ISSN1694-7452https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828Pedagogika i psihologiYubiley _Momunaliev_S._2021.pdf

18. Мамырова, М. К. «Кровавое воскресенье» на юге Кыргызстана: отражение события 2002 года в СМИ страны (доклад) [Текст] / М.К. Мамырова // Медиаландшафт россии и мира: прошлое, настоящее и будущее.

// сборник научных статей. – Москва. – 2021. – С. 370-375.ISBN 978-5-209-10912-9https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46242326

19. Мамырова, М.К. Роль электронной прессы в СМИ [Текст] / М.К. Мамырова //сборник научных статей. – Нижневартовск Россия https://elibrary.ru /item.asp?id=47469575;https://www.archive-bulletennauki.com/article/73/54

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет. Бирок кыргыз жана орус тилиндеги авторефераттар түзүмү жана тексти боюнча дээрлик айырмаланат.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

Эмгекте олуттуу мүчүлүштүктөр бар.

1. Диссертациялык иштин түзүмүндө диссертация үч главадан, ар бир глава үч бөлүмдөн турат дегени менен ар бир глава – бөлүм деп, бөлүм – параграф деп берилген. Кыргыз жана орус тилиндеги авторефераттарда да ушул мүчүлүштүк байкалат.

2. Диссертациянын текстин даярдоо Диссертация жана авторефераттарды тариздөө боюнча УАКтын Нускамасынын чегинде болушу зарыл, мисалы: I, II, III Глава деген сөздөр беттин ортосуна жазылып, абзацтардын чектери биркелки болушу керек.

4.Тексте кездешкен бир канча аббревиатуралар (ВАК,ГКНБ,МВД), Генпрокуратура, Консот деген сөздөр кыргызча жана толугу менен берилиши талапка ылайык.

5.Диссертация илимий тилде жазылышы керек. Бул илимий иште адабий-публистикалык стилде жазылып калган жерлер кездешет.

6.Пайдаланган адабияттар тизмеси жогорудагы Нускамага ылайык түзүлгөн. Бирок, тизмедеги 9,14, 42,53,62-66, 69-71, 73-79, 81-83,85-90,110-118, 124, 126-127,129,134,136-138,146 пункттары тексте шилтеме катары көрсөтүлгөн эмес. Мисалы, тексте көрсөтүлгөн 15 пункт тизмеге туура келбейт, 42 пунктта башка адабият берилген. Мындай туура эмес жазылган шилтемелер өтө көп.

7. Диссертациянын негизги бөлүмдөрүндө статистикалык материалдар өтө арбын экенин көрсө болот. Бирок бул керектүү материалдар диссертациянын темасындагы эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсүнөн четтеп калганын айтып, аталган изилдөөлөрдү тема менен байланыштыруу керектигин белгилей кетүү керек.

8. Эки тилдеги авторефераттар бири-бирине түзүмү да, текстери да боюнча дал келбейт жана экөөндө да орфографиялык, техникалык каталар көп, булар оңдоп-түзөөгө муктаж.

**7. Сунуштар:**

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштар**.

Бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча илимий адистиги бар И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасын бекитүү сунушталат.

**Биринчи расмий оппонент** катары **Омашев Намазалы Омашевич**, филология илимдеринин доктору, профессор (журналистика боюнча эмгектери: «Фельетон как жанр радиожурналистики (на материалах Всесоюзного и Казахского радио»: автореферат дис. ... кандидата филологических наук/ МГУ им. М. В. Ломоносова., - Москва, 1984. - 24 с., автореферат боюнча шифры - 10.01.10) сунушталат.

**Экинчи расмий оппонент** катары филология илимдеринин кандидаты, доцент **Асанова Алтын Асановна** (журналистика боюнча эмгектери: Чингиз Айтматов - публицист: автореферат дис. ... кандидата филологических наук/ МГУ им. М. В. Ломоносова. Фак. журналистики. Каф. истории парт.-сов. печати. - Москва, 1989. - 23 с., автореферат боюнча шифры - 10.01.10) *сунушталат.*

**8. Сунуштамалар:**

Диссертациянын негизги максаты темасына жараша Кыргызстандагы эгемен жылдарындагы түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү болгондуктан негизги акцентти өнүгүүгө коюп, экстремалдуу кырдаалдарды чагылдырууну гезиттердин өнүгүүсүнө байланыштырган кыскача тыянактарды тийиштүү жерлерге берип, диссертациянын темасын ийине жеткирип ачуу талапка ылайык.

Ар бир главага берилген тыянак диссертациянын темасына, максатына, милдетине шайкеш келиши керек. Ар бир тыянакты ушул контексте жетик иштеп чыгуу сунушталат.

Диссертациянын түзүмүн главаларга, бөлүмдөргө бөлүштүрүүнү, жана булардын эки тилдеги авторефераттарда диссертациядагысына дал болушун камсыз кылып, мазмунундагы жана текстеги беттерди оңдоп-түзөө талапка ылайык болот.

Пайдаланган адабияттарды, булактарды колдонууну кайра карап чыгып, текстте аларга шилтемелерди жөнгө салуу керектелет.

Диссертациянын кыргыз жана орус тилиндеги авторефератын редакциялоо үстүнөн кылдаттык менен иштеп чыгып, түзүмдөрүн, тексттерин бир түрдүүлүккө келтирүү сунушталат.

**9. Корутунду**

Бул диссертация Кыргызстандын түштүк аймагындагы басма сөз каражаттарын талдоо, буга байланыштуу учурларды чагылдырууну иликтөө алгачкы иш болуп эсептелет. Бул тема боюнча изилдөөлөр журналистика чөйрөсүндөгү илимий өнүгүү үчүн маанилүү жана актуалдуу экендигин

белгилөө менен диссертацияда, авторефераттарда оңдоооо муктаж көп мүчүлүштүктөр бар экендигин айта кетиш керек.

Диссертациянын главаларын, ар бир бөлүмүн, кыргызча, орусча жазылган авторефераттарын талдап, карап көргөндө, эки жактуу сезим пайда болду. Бир жагынан, иште журналистика үчүн абдан көйгөйлүү, мааниси зор, буга чейин изилденбеген маселелер орун алды. Экинчи жагынан, диссертациянын бөлүмдөрүндө буга чейин белгилүү фактылар баяндалып, кээ бир логикалык байланыштар жоготулуп, ар тараптуу мүчүлүштүктөр кездешип жатат. Иште статистикалык маалыматтарга басым жасалып, алардын темага ылайык илимий негиздемелери жетишсиз болуп жатат.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып**, КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д 10.23.667 диссертациялык кеңешине 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү (1991-2016 жылдар)»** деген темадагы диссертациясын изденүүчү кылдаттык менен кайра карап чыгып, аталган мүчүлүштүктөрдү оңдогондон кийин кароого алууну сунуш кылат.

**Эксперт,**
**филология илимдеринин доктору** **Султанова Жыпар Оморовна**

**23.06.2023 ж.**

**Эсперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын:**

**Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.23.667 диссертациялык кеңештин эксперти - филология илимдеринин доктору, доцент Султанова Жыпар Оморовнанын 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсү (1991-2016 жылдар)»** деген темадагы диссертациясына

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсү (1991-2016 жылдар)» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.10 – журналистика адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин эгемендүүлүк 1991-2016 жылдарындагы өнүгүүсүн изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары** Чүй, Ысык-Көл, Нарын Талас, Ош, Жалал-Абад, Баткен областарындагы басма сөздүн 1991-2016-жылдарда баскан жолун анализдөө жана аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык, жанрдык, стилдик өзгөчөлүктөрүн талдоого алуу менен өнүгүү процессин чагылдыруу.

**Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

1. Аймактык басма сөз жөнүндө илимий түшүнүк жана анын массалык маалымат каражаттарындагы ордун жана ролун анализге алуу;
2. Аймактык басма сөздүн функциялары жана эгемен шартындагы аймактык гезиттердин өнүгүү этаптарынын каралбай келиши, анан бул зарылчылыкты ишке ашыруунун илимий жолдорун иштеп чыгуунун журналистика үчүн баалуулугун аныктоо;
3. Аймактык басма сөздү изилдөөнүн методологиясы менен методдорун аныктоо жана аймактарда жайгашкан гезиттердин кенен талдоого алына электигин эске алып, анализ жүргүзүү;
4. Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас, Ош, Жалал-Абад, Баткен аймактарындагы басма сөздө орун алган өзгөчөлүктөрү, аймактык басылмалардын ЖМКларга маалымат таркатуудагы окуяларды изилдөө

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 45/04-8
«18» 11 2024 г.

жаатында иштеген журналисттердин иш-аракеттеринин ар тараптан аныкталбай калышын талдоо жана системалуу баа берүү;

5. Аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык, жанрдык, стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

6. «Чуй баяны», «Ысык-Көл кабарлары», «Теңир Тоо», «Ат-Башы», «Манас жарчысы», «Манас ордо», «Ош жаңырыгы», «Ош шамы», «Баткен таңы», «Акыйкат» газеталарынын контентинин негизги көйгөйлөрүн жана аймактык прессанын материалдарын талдоого алуу менен өнүгүү процессин чагылдыруу;

7. Ата Мекендик жана эл аралык коомдук медиа уюмдардын аймактык гезиттерине тийгизген таасири, медиа тарапта эмгектенип жаткан журналисттердин иш-аракеттерине сунуштарды берүү;

8. Журналисттердин укугу, милдети, этикасы жана журналистиканын заманбап маселелеринин конкреттүү милдетин аныктоо.

Диссертациянын бөлүмдөрү (параграфтары) мында жазылган милдеттерге арналып, аларды чечмелеп берет.

**«Аймактык мезгилдүү басма сөздүн теориялык негиздери»** деген I бап 2 бөлүмдөн турат.

1 бөлүмү *«Аймактык басма сөз жөнүндө илимий түшүнүк жана анын массалык маалымат каражаттарындагы орду жана ролу»* деп аталат. Мында изденүүчү башка өлкөлөрдө жана Кыргызстанда чыккан алгачкы гезиттердин тарыхына кайрылып, аймактык басма сөздүн илимий түшүнүгүн, ордун, ролун совет доорундагы жана азыркы журналистиканын жалпы теориясын изилдеген илимпоздордун эмгектерине таянуу менен чечмелеп берет. Мындан тышкары 1 бөлүмдө гезиттердин кыскача типологиясы берилип, Кыргызстандын аймактык гезиттеринин тарыхы жана азыркы абалы талданган.

I баптын 2 бөлүмү *«Аймактык басма сөздүн функциялары»* деп аталып, гезиттердин Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийинки тарыхын, өнүгүү процесстерин, этаптарын изилдейт. Гезиттердин өнүгүү тенденциялары саясий окуяларга байланыштуу анализденген. Бул бөлүмдө изденүүчү аймактык басма сөздүн функцияларын көрсөтүү аракетин жасаган.

**«Аймактык басма сөздү изилдөөнүн методологиясы жана методдору»** аттуу II бап дагы 2 бөлүмдөн турат.

*«Аймактык гезиттердин негизги типтери»* деген 1 бөлүмүндө изилдөөчү методологиянын терминологиясы, жалпы илимий методдордун өзгөчөлүктөрү, алардын журналистикада болгон көрүнүшү боюнча маалымат берип, батыш, орус, кыргыз изилдөөчүлөрдүн иштерине таянып, аймактык басма сөздүн типтерин аныктады.

II баптын 2 бөлүмү *«Аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык, жанрдык, стилдик өзгөчөлүктөрү»* деп аталат. Мында гезиттердин негизги багыттары белгиленет. Изилдөөчү Е. В. Ахмадулиндин гезиттерди типологиялык мазмуну боюнча төрт тепкичке бөлгөнүнө таянып, даректик

багыт, аудиториянын талабы, тематикалык проблемалар жана социалдык өзгөчөлүктөр жөнүндө айтып кетет. Бул бөлүмдө Мамырова М.К. гезиттердин ар кандай жалпы өнүгүү факторлоруна токтолуп, фактчек «текшерүү журналистикасынын» алкагында кыргыз гезиттеринде жарык көргөн саясий-экономикалык темаларындагы макалаларды мисал катары келтирет. Бул бөлүмдө иштин методологиясы чет өлкөлүк, орусиялык жана кыргызстандык авторлордун жалпы басма сөз боюнча изилдөөлөрүнө негизделет. Аймактык гезиттеринен алынган кээ бир макалалар тарыхый жана мазмундук-тематикалык жагынан каралган.

III бап **«Аймактык гезиттердин калыптанышы жана өнүгүүнүн өзгөчүлүктөрү (жети облустагы басма сөздүн мисалында)»** деп аталат, 4 бөлүмдөн турат.

*«Жети аймактын гезиттери жана өлкөдөгү саясый кырдаалдар»* деп аталган 1 бөлүмдө 7 аймактын басма сөз статистикасы берилип, Кыргызстандын ар бир облусунун гезитери аталды. Аймактык гезиттердин абалы, саясий кырдаалдарды чагылдыруу боюнча позициясы көрсөтүлдү.

2 бөлүмү *«Ата Мекендик жана эл аралык медиа уюмдардын ишмердүүлүгү, алардын аймактык гезиттерге тийгизген таасири»* деп аталып, ата мекендик жана эл аралык коомдук медиа уюмдардын кыргыз журналистикага болгон таасири кеңири статистикалык жана сурамжылоо маалыматтары аркылуу аныкталган.

*«Журналисттердин укугу, милдети жана этикасы»* деп аталган III баптын 3 бөлүмүндө гезиттердин, анын ичинде аймактык гезиттердин оор саясий кырдаалдагы абалы, ролу изилденет. Бул бөлүмдүн аталышы иштин мазмунунда жана тексттин өзүндө ар кандай болуп жазылып калган.

*«Басма сөзгө тиешелүү доо арыздар»* деген 4 бөлүмдө журналисттерге каршы түшкөн доо арыздардын тарыхы статистиканы колдонуу алкагында ачып берилет. Коюлган маселе «журналисттерге кол салуу», «журналисттерди кармоо», «журналист менен медиа каражатка кысым көрсөтүү», «журналист менен медиа каражатты сотко берүү» «маалыматтарды бербей коюшу», «маалыматты жайып бергенге каршы чыгуу» деген критерийлер аркылуу изилденет.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Изденүүчү адегенде Кыргызстандагы гезиттердин өнүгүү процесстеринин теориялык негиздерин изилдеп, бул багыттагы илимий эмгектерди талдоо аркылуу өнүгүү этаптарын аныктап, андан соң аймактык басма сөз каражаттарын өз алдынча карап, алардын өзгөчөлүктөрүн белгилеген. Ушулардын негизинде аймактык гезиттердин өнүгүүсү каралган.

Бул контексте изденүүчү талдоодо негизги ыкма катары салыштырма-тарыхый ыкмасын колдонуп, басма сөз каражаттарынын окшоштук жана

айырмалуу (өзгөчөлүк) жактарын көрсөткөн. Изилдөө анализ менен синтез жана жалпылоо ыкмаларын колдонуу аркылуу жүргүзүлгөн.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:**

Иштин объектиси катары Кыргызстандын аймактык гезиттерин изилдөө жана алардын эгемендүүлүк жылдарда орун алган саясий кырдаалдарды чагылдыруусун талдоо аркылуу өнүгүү процессин көрсөтүү диссертациянын белгиленген максатына, милдеттерине ылайык келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Изденүүчү сегиз пункттан турган милдеттердин ар бирине журналистиканын салыштырма-тарыхый, анализ менен синтез жана жалпылоо методдорун колдонуу менен илимий талдоо жүргүзүп, конкреттүү жыйынтыктарды чыгарууга аракет кылган. Статистикалык маалыматтарды жыйноо үстүндө да кеңири иштегенин көрсө болот.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Кыргыз журналистикасынын тарыхына жана теориясына арналган илимий эмгектер учурда аз. Ал эми аймактык басма сөз каражаттарынын тарыхый жагы да, теориялык жагы да, саясий жагы да талдоого алына элек. Ошондуктан аймактарда жарык көргөн массалык-маалымат каражаттарын изилдөө муктаждыгы зор. Бул диссертацияда эгемен жылдардагы аймактык гезиттердин изилдениши, борбордо жана аймактарда орун алган саясий кырдаалдар ал гезиттерде чагылдырылышын иликтөө бул багыттагы алгачкы аракет болуп саналат. Диссертациянын актуалдуулугу – мына ушунда.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертант темага байланышы бар адабияттарды жетишээрлик дэңгээлде пайдаланганын көрсө болот. Ал басма сөз жаатындагы ата мекендик жана чет элдик авторлордун эмгектерин колдонуп жана өзүнөн мурункулардын илимий эмгектерине сын анализ жүргүзүп, аны диссертациясынын темасын андан ары ачуу үчүн колдонгон.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу жана өз убактысында, бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын басма сөз каражаттарынын өнүгүүсү үчүн пайдалуу эмгек деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар**

3.1. Иште филология илимдеринин анын ичинде журналистиканын өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы натыйжалар келтирилген:

1. Кыргызстандын айкмактык басма сөзү эгемен доордун жылдары илимий тартипте биринчи жолу изилденди. Диссертацияда Кыргызстандын аймактарында жайгашкан басма сөздүн багыттары салыштырылып изилденди.

2. Аймактык басма сөз жөнүндө илимий түшүнүктөр, маалымат каражаттардын коомдогу орду жана ролу каралды. Аймактык басма сөздүн функциялары жана эгемен доордогу маалымат каражаттардын өнүгүү этаптары аныкталды.

3. Аймактардагы гезиттер экстремалдык учурларда чагылдырган материалдар илимий эмгектин курамына биринчи жолу кирди. Медиа тармакты көзөмөлдөгөн мониторингтер диссертацияда каралды.

4. Гезиттердин коомдогу ролуна мүнөздөмө берилди. Республикабыздын аймактарында жайгашкан мамлекеттик жана мамлекеттик эмес гезиттердин иш-аракети, социалдык кызматы ачык көрсөтүлдү. Көйгөйлөр региондук кез караш жана региондук кызыкчылык аркылуу мүнөздөлдү.

5. Изилдөөдө аймактарда жайгашкан гезиттердин өзгөчөлүктөрү, окшош тараптары, бирдей маселелери жана өздөрүнө гана тиешелүү жекече бөтөнчөлүктөрү каралды.

6. Медиа каражаттарга каршы түшкөн доо арыздар да деталдуу түрдө изилденип чыкты.

3.2. Диссертацияда колдонулган салыштырма-тарыхый, анализ менен синтез жана жалпылоо методдору изилдөөнүн жүрүшүндө өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөтүп, туура тыянак чыгарууга алып келген.

3.3. Кыргызстандын аймактык гезиттердин өзгөчүлүктүрүнө арналган бул чөйрөдөгү жаңы изилдөөсү оң пикирге татыктуу.

3.4. Диссертант өзүнүн ишинде колдонгон методдор жана адабияттар иштин ишенимдүүлүгүн көрсөтөт.

3.5. Диссертацияда журналистика үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй белгилер бар:

1. Кыргызстандагы басма сөз каражаттарын иликтөөдөгү курч маселелер жана көйгөйлөр чагылдырылган.

2. Диссертациянын жыйынтыктары журналистика үчүн маанилүү жана колдонууга ээ.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:**

1. Жогорку окуу жайларынын журналистика адистиги боюнча окуу программаларын жана окуу куралдарын түзүүдө пайдаланса болот.

2. Журналистика адистиги боюнча студенттерге, изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттердин иштерине илимий-методикалык маалымат катары салымын кошот жана теориялык көмөк, багыт болуп бере алат.

3. Изилдөөнүн материалдарынын негизинде «Кыргызстандын регионундагы басма сөз» деп аталган монография жана окуу китебин жазса болот. Журналистика адистикте билим алып жаткан студенттерге рефераттарды, курстук иштерди, бакалавриат жана магистр багытында иштерди жазганга жардам берет. Жана «Өзгөчө учурдагы пресса» жана «Гезиттерге мониторинг өткөрүүнүн методикасы» деген семинарларга материал боло алат.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда колдонулган:**

1. **Мамырова, М. К.** Чындыктын шам чырагындай болгон Чыңгыз Айтматов [Текст] / М.К.Мамырова // ОшМУнун Жарчысы IV чыгарылышы. – 2016.– № 4. – 84-87-б. ISSN 1694-7452 https:// www. elibrary.ru /download/ elibrary_ 28198781 39779488.pdf
2. **Мамырова, М. К.** Чыңгыз Айтматовдун көркөм маалыматтарды чыгармада чагылдыруу чеберчилиги [Текст] / М.К. Мамырова // Ош МУнун Жарчысы. – 2016. – №3. – 237-241-б.ISSN1694-7452https:// www. elibrary.ru/ download/elibrary_ 30547505 24509866.pdf
3. **Мамырова, М.К.** «Кыргыз туусу» гезитинин тарыхый барактарына сересеп [Текст] / М.К. Мамырова // Ош МУнун Жарчысы. – 2016. – №3. – 291-295-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_30547521_26236092.pdf
4. **Мамырова, М.К.** Положительные и отрицательные стороны СМИ на юге Кыргызстана [Текст] / М.К.Мамырова//Ош МУнун Жарчысы.– 2017. №3. – 126-129-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/ elibrary_30714968 63369882.pdf
5. **Мамырова, М. К.** Ч. Айтматов – XX кылымдын көркөм сөз өнөрүнүн корифейи[Текст] / М.К. Мамырова //Ош МУнунЖарчысы.– 2018. – №4. – 117-123-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/ elibrary_ 37074081 89178140.pdf
6. **Мамырова, М. К.** Газеты южного региона Кыргызстана в период независимости (доклад) [Текст] / М.К. Мамырова //Форум молодых ученых. – 2018. – №9(25). – С. 533-537ISSN 2500-4050 https://www.elibrary.ru/item.Asp?id=36457153
7. **Мамырова, М. К.** Кыргызстандагы экинчи «Ош окуясынын» басма сөздөгү чагылдырышы жөнүндө (2010-жыл, июнь) [Текст] / М.К. Мамырова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – № 6.–175-177-б. ISSN 1694-7649https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36423575_53391549.pdf
8. **Мамырова, М. К.** Кыргызстандын «Ош окуясынын» учурундагы массалык маалымат жөнүндө (1990-жыл, июнь)[Текст] / М.К. Мамырова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. ISSN 1694-7649https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36423578_41070382.pdf

9. **Мамырова, М. К.** «Освещение в СМИ межэтнических отношений» (на примере ошского региона) (доклад) [Текст] / М.К.Мамырова // Өзбекстан Республикасы Ташкент. – «Онлайн журналистикасы» – 2018. – №1/02. –www.seience.kg

10. **Мамырова, М. К.** Влияние социальных сетей на мировоззрение молодежи [Текст] / М.К. Мамырова // Өзбекстан Республикасы Бердах атындагы каракалпак атындагы университитети. – 2019. – 102-107-б.ISBN 978-9943-5744-0-3https:// iopscience. iop.org/article/ 10.1088/1742- 6596/ 1889/ 2/022030.

11. **Мамырова, М. К.** Жаштардын дүйнө таанымына жана көз караштарына социалдык тармактардын тийгизген таасири (статья) [Текст] / М. К. Мамырова // ОшМУнун Жарчысы.– 2019. – №3. – 145-149-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_42965448_85779244.pdf

12. **Мамырова, М. К.** Макалалардын жанр жактан бөлүнүшү жана алардын мазмуну (статья) [Текст] / М.К. Мамырова //ОшМУнун Жарчысы.– 2019. – №3. – 151-153-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_42965449_47811868.pdf

13. **Мамырова, М. К.** Электрондук басма сөздүн орду жана бөлүктөрү (статья) [Текст] / М.К. Мамырова // Известия ВУЗов Кыргызстана. –2019. – №11. – 151-155-б.ISSN1694 7681https:// www.elibrary.ru/ download/elibrary_45642132_96883675.pdf

14. **Мамырова, М. К.** Online training of students of applied physics in the field of circuitry(статья)[Текст] /М.К. Мамырова//Journal of Physics: Conference Series. – 2021. Vol. 1889. 022030 7-бет. 40-бал.5/4D.Luchaninov, R Bazhenov ...баары 5 адамhttps://iopscience.iop.org/article/10.1088/1742-6596/1889/2/022030

15. **Мамырова, М. К.** Кыргызстан: Судебные иски к журналистам в защиту чести презитента А. Атамбаева [Текст] / М.К. Мамырова // IV Международная научно-практическая конференция. Приоритетные векторы развития промышленности и сельского хозяйства. – Макеевка. – 2021. https://cloud.mail.ru/public/RES8/eyXnAHbGf

16. **Мамырова, М. К.** Басма сөздөгү редактордун кызматы жана ролу [Текст] / М.К. Мамырова //Ош МУнун Жарчысы. – 2021. Т.2. – №4. – 1280-1288-б. ISSN1694-7452https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828_Pedagogika_i_psihologiYubiley__Momunaliev_S._2021.pdf

17. **Мамырова, М. К.** Кыргыз басма сөзү жана анын тарыхы [Текст] / М.К. Мамырова //Ош МУнун Жарчысы.– 2021. Т.2. – №4. – 1289-1295-б. ISSN1694-7452https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828Pedagogika i psihologiYubiley__Momunaliev_S._2021.pdf

18. **Мамырова, М. К.** «Кровавое воскресенье» на юге Кыргызстана: отражение события 2002 года в СМИ страны (доклад) [Текст] / М.К.

Мамырова // Медиаландшафт россии и мира: прошлое, настоящее и будущее. // сборник научных статей. – Москва. – 2021. – С. 370-375.ISBN 978-5-209-10912-9https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46242326

19. **Мамырова, М.К.** Роль электронной прессы в СМИ [Текст] / М.К. Мамырова //сборник научных статей. – Нижневартовск. Россия https:// elibrary.ru /item.asp?id=47469575;https://www.archive-bulletennauki.com/article/73/54

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет. Кыргыз жана орус тилинде жазылган авторефераттын тексттери дагы бир редакциялоого муктаж.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

Эмгекте төмөнкүдөй мүчүлүштүктөр байкалды:

1. Иштин экспертизага берилген мурунку вариантында орун алган «I баптын 1 бөлүмүндө басма сөздүн жалпы тарыхына басым жасалып, аймактык прессанын теориясы, так ушул темага байланыштуу адабияттар толук изилденбей калды» деген мүчүлүштүк бир топ азайган. Бирок бул дагы эле «Аймактык басма сөз жөнүндө илимий түшүнүк жана анын массалык маалымат каражаттарындагы орду жана ролу» деп аталган диссертациянын эспертизага кайрадан берилген жаңы вариантынын I баптын 1 бөлүмүндө байкалат.

2. I баптын «Аймактык басма сөздүн функциялары» деген 2 бөлүмү тарыхта болгон мисалдарга таянат, аймактык басма сөздүн функциялары жөнүндө болгон маалыматтар кеңирирээк берилиши зарыл.

3. «Аймактык гезиттердин негизги типтери» деген II баптын 1 бөлүмүндө жалпы илимий методтордун өзгөчөлүктөрү анализденген. Бул бөлүмдө аймактык басма сөз темасын изилдөөдө кандай конкреттүү методтор колдонулганын кеңири көрсөтүү керектигин белгилесе болот.

4. II баптын «Аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык, жанрдык, стилдик өзгөчөлүктөрү» деп аталган 2 бөлүмүндө аймактык гезиттердин жанрдык жана стилдик өзгөчөлүктөрүнө толук көңүл бурулган эмес. Аталган маселе боюнча бул бөлүм кошумча маалыматка муктаж.

5. Диссертациянын бир нече (эски, жаңы) варианттарына тең төмөнкүдөй пикир айтса болот: «Негизи, изденүүчү аймактык гезиттердин тарыхына тиешелүү мисалдарды азайтып, бөлүмдөрдүн аталышына жараша аймактык басма сөздүн типологиясын, методологиясын, структуралык, жанрдык, стилдик түзүлүшүн да кылдаттык менен изилдесе жакшы болмок».

6.Диссертация илимий тилде жазылышы керек. Бул илимий иште адабий-публицистикалык стилде жазылып калган үзүндүлөр өтө көп кездешет.

7. Текстте орфографиялык, стилистикалык, фактыларга байланыштуу каталар өтө көп. Мисалдарды келтирели: 1) III баптын «Аймактык

гезиттердин калыптанышы жана өнүгүүнүн өзгөчүлүктөрү (жети облустагы басма сөздүн мисалында)» деген аталышында «өнүгүүнүн» эмес «өнүгүүсүнүн» деп жазыш керек; 2) III баптын 1 бөлүмү «Жети аймактын гезиттери жана өлкөдөгү саясый кырдаалдар» деп аталат. «Жети аймактын гезиттери жана алардын өлкөдөгү саясый кырдаалдарды чагылдыруусу» деген аталышты сунуштаса болот; 3) III баптын 3 бөлүмү мазмунда «Журналисттердин укугу, милдети жана этикасы» деп аталып, ал эми тексттин өзүндө болсо «Журналистердин укуктары, милдеттери жана этикасы» деп аталат; 4) Басмадан кеткен каталар кездешет, төмөнкү беттерди кылдаттык менен карап, оңдоп чыгыш керек, буларда ката өтө көп: 2,4, 5,6,7,8, 9, 21, 40, 42, 52, 55, 58, 65, 70, 73, 75, 84, 91, 97, 101, 105, 112, 126, 133, 151, 157, 163, 165, 168,170, 173, 176.

8. Пайдаланган адабияттардын тизмесин кайра карап чыгыш зарыл. Текстте туура эмес берилген шилтемелер байкалат.

9. Эки тилдүү авторефератты бири-бирине дал келтириш керек. Авторефераттар публицистикалык стиль менен жазылган.

**7. Сунуштар:**

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштар.**

Бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча илимий адистиги бар И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасын бекитүү сунушталат.

**Биринчи расмий оппонент** катары **Абишева Вера Тукеновна,** филология илимдеринин доктору, профессор (автореферат боюнча шифры - 10.01.10, Е.А. Букетов атындагы Караганды мамлекеттик университети, Казахстан) сунушталат.

*В.Т. Абишеванын журналистика боюнча акыркы беш жылда жазылган эмгектери:*

1. Социальный медиа маркетинг в условиях цифровизации экономики / В. Т. Абишева, Л. Беляева // Әлемдік PR: ӨЗЕКТІЛІГІ және КЕЛЕШЕГІ : Студент-жастардың халықаралық ғылыми-тәжірибелік конференциясы, Нұр-Сұлтан, 25 апреля 2020 года. – Нұр-Сұлтан: Евразийский национальный университет им. Л.Н. Гумилева, 2020. – С. 43-48. – EDN MGHLDH.

2. Professional identity of a journalist in a media environment / V. T. Abisheva, D. S. Katpyshova // Вестник Евразийского национального университета имени Л.Н.Гумилева. Серия: Журналистика. – 2022. – Vol. 138, No. 1. – P. 94-101. – DOI 10.32523/2616-7174-2022-138-1-94-101. – EDN IRHYOP.

3. Влияние телевидения на формирование общественного мнения / С. М. Балмакаев, В. Т. Абишева // Молодежь и наука - 2022 : Материалы международной научно-практической онлайн-конференции, посвященной

85-летию Северо-Казахстанского университета им. М. Козыбаева. В 2-х томах, Петропавловск, 12 апреля 2022 года. Том 2. – Петропавловск: Некоммерческое акционерное общество "Северо-Казахстанский университет имени Манаша Козыбаева", 2022. – С. 403-408. – EDN VBTORP.

4. Устный рассказ через призму когнитивно-дискурсивного анализа / Ю. А. Демьянова, В. Т. Абишева // Медиа в современном мире. 63-и Петербургские чтения : Сборник материалов Международного научного форума. В 2-х томах, Санкт-Петербург, 18–20 апреля 2024 года. – Санкт-Петербург: ООО "Медиапапир", 2024. – С. 97-98. – EDN YWMRAE.

**Экинчи расмий оппонент** катары филология илимдеринин кандидаты, доцент **Асанова Алтын Асановна** (автореферат боюнча шифры - 10.01.10) сунушталат.

*А.А. Асанованын журналистика боюнча акыркы беш жылда жазылган эмгектери:*

1. Cengiz Aytmatovun 70-80-li yullardaki makalalerinde temel meseleleri // жыйнакта: Bozkirin uyanisi Cengiz Aytmatov. 1 kitap. – Ankara, 2019. – 222-229;
2. Роль СМИ в формировании имиджа Кыргызской Республики // Сборник конференции “Медиапространство Рссийской Федерации: глобальный и национальный аспекты” с международным участием, посвященной 95-летию со дня рождения выдающегося ученого, писателя, Заслуженного деятеля науки РСФС, доктора филологических наук, профессора Мидхата Фазлыевича Гайнуллина и 75-летию Великой Победы. Уфа, РИЦ БАШГУ, 2020.- с. 55-60;
3. Роль независимых СМИ Кыргызской Республики в противодействии коррупции.//Сборник конференции “Медиапространство Рссийской Федерации: глобальный и национальный аспекты” с международным участием, посвященной 95-летию со дня рождения выдающегося ученого, писателя, Заслуженного деятеля науки РСФС, доктора филологических наук, профессора Мидхата Фазлыевича Гайнуллина и 75-летию Великой Победы. Уфа, РИЦ БАШГУ, 2020.- с. 61-65;
4. Вклад публициста Ч.Айтматова в форммирование демократического имиджа Кыргызстана печатный Вестник Московского Государственного Лингвистического университета. Серия: Гумантираные науки; Выпуск 10.(852). М, ФГБОУ.-2021.-с.195-205

**8. Сунуштамалар:**

Диссертациянын бөлүмдөрүнүн мазмунун дагы бир сыйра тактап, берилген маалыматтарды тарых контекстинен бир аз алыстатып, ар бир бөлүмдүн аталышына жараша текстти теориялык, типологиялык, методологиялык жактан ылайыкташтыруу зарыл.

**9. Корутунду**

Диссертацияда мурун түштүк аймагындагы басма сөз каралган, азыр болсо бул иш Кыргызстандын баардык аймагындагы гезиттердин өнүгүүсүнө арналып, маалымат, материалдар кошулуп, изилдөө ушулар менен кеңейтилип, күчөтүлгөн. Бул диссертация Кыргызстандын аймактык басма сөз каражаттарын талдоо, буга байланыштуу учурларды чагылдырууну иликтөө боюнча алгачкы иш болуп эсептелет. Бул тема журналистика чөйрөсүндөгү илимий өнүгүү үчүн маанилүү жана актуалдуу экендигин белгилеп кетиш керек.

Бир нече белгиленген мазмундук, орфографиялык, стилистикалык жана башка оңой оңдоло турган мүчүлүштүктөр жоюлса, бул диссертацияны пайдубалы бекем, практикалык мааниси жогору эмгек деп санаса болот.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып**, КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д 10.23.667 диссертациялык кеңешине 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсү (1991-2016 жылдар)»** деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт,**
**филология илимдеринин доктору**
**Султанова Жыпар Оморовна**

**15.11.2024 ж.**

*Эсперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын:*

**Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы,**
**ф.и.к. Н.Ыйсаева**